| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XII сессиясы

**ТОКТОМ №101**

Бужум айылы 2025-жылдын 20-августу

**Суу-Башы айыл аймагына караштуу Бужум айылынын башкы планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамын жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 18-беренесине ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 14-августундагы №382 сандуу чыгыш катынын жана Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 19-августундагы отурумунун корутундусунун, 2017-жылдын 17-августундагы №490 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-2025жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча программасынын негизинде, шаар куруу жана архитектура департаменти тарабынан даярдалган шифр 828-02/2024 сандуу, Бужум айылынын башкы планын карап чыгып, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер ресурстары жана муниципалдык менчик боюнча адисин угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин депутаттарынын сунуштарын эске алуу менен Бужум айылынын башкы планы бекитилсин.

2. Токтомдун негизинде тиешелүү иш кагаздарын толуктап, өткөрүп алуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

3. Токтом каттоодон өткөрүлүп, suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **К.Шакиров**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XII сессиясы

**ТОКТОМ №102**

Бужум айылы 2025-жылдын 20-августу

**Суу-Башы айыл аймагынан жер аянтын которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-июлундагы “Жер участокторун которуу (трансформациялоо)жөнүндөгү” №145-Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 18-августундагы №384 сандуу катынын жана Суу-Башы айылдык кеңешинин жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 19-августундагы отурумунун корутундусунун негизинде, Суу-Башы айыл аймагынына муниципалдык бак кылуу максатында, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер ресурстары жана муниципалдык менчик боюнча адисин угуп, талкуулап Суу-Башы айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагында жайгашкан №4969 контурундагы 1,68 га жер аянтын, №4970 контурундагы 0,32 га жер аянтын, №4973 контурундагы 0,50 га жер аянтын, №4696 контурундагы 0,70 га жер аянтын, №4675 контурундагы 0,73 га жер аянтын, №4677 контурундагы 0,57 га жер аянтын, жалпы 4,5 га жер аянттарын “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынын ичиндеги “Жайыт” түрүнөн “Көп жылдык мөмө-жемиш бактар” түрүнө которууга (транформациялоого) макулдук берилсин.

2. Токтомдун негизинде керектүү болгон иш кагаздарын даярдап, муниципалдык менчикке алуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтом каттодон өткөрүлүп, suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтомду көзөмөлгө алуу жагы жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага К.Шакиров

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясы

# ТОКТОМ №103

Бужум айылы — 2025-жылдын 20-августу

## Суу-Башы айыл аймагынан жер аянтын которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 15-июлундагы "Жер участокторун которуу (трансформациялоо)жөнүндөгү" №145-Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 14-августундагы №381 сандуу катынын жана Суу-Башы айылдык кеңешинин жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 19-августундагы отурумунун корутундусунун негизинде, Суу-Башы айыл аймагынын Айгүл-Таш айылына көрүстөнгө жер аянтын ажыратуу максатында, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер ресурстары жана муниципалдык менчик боюнча адисин угуп, талкуулап Суу-Башы айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагында жайгашкан №1541 контурундагы 5,89 га жайыт жер аянтын, №1542 контурундагы 0,79 га кайрак айдоо жер аянтын, №1547 контурундагы 0,32 га кайрак айдоо жер аянтын, жалпы 7,0 га жер аянттарын "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (транформациялоого) макулдук берилсин.

2. Токтомдун негизинде керектүү болгон иш кагаздарын даярдап муниципалдык менчикке алуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтом каттодон өткөрүлүп, suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсү иципалдык менчикке алуу жагы Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомду көзөмөлгө алуу жагы жер, айыл чарба жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** — **К.Шакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**БАТКЕН РАЙОНУ**
**СУУ-БАШЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАТКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясы

**ТОКТОМ №104**

Бужум айылы — 2025-жылдын 20-августу

**Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жамаатынын Уставын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын жана Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин регламентине ылайык, Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 20-августундагы №402 сандуу катынын негизинде жана айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Макановдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жамаатынын Уставы бекитилсин.

2. Суу-Башы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жамаатынын Уставына ылайык иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтом каттодон өткөрүлүп, suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **К.Шакиров**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>БАТКЕН РАЙОНУ<br>СУУ-БАШЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАТКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын
кезектеги XII сессиясы

**ТОКТОМ №105**

Бужум айылы 2025-жылдын 20-августу

**Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагынын Катта –Тал участкалык шайлоо комиссияларынын резервдик курамын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республиксынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын кайрылуу катынын жана Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 11-августундагы №01-25/1437 сандуу чыгыш катынын негизинде, Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагынын Катта-Тал участкалык шайлоо комиссияларынын резервдик курамын бекитүү жөнүндө Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагынын Катта-Тал участкалык шайлоо комиссияларынын резервдик курамы тиркемеге ылайык бекитилсин.
(тиркеме тиркелет).

2. Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагынын Катта-Тал участкалык шайлоо комиссиялары тиркемеге ылайык бекитилген резервдик курамы, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Баткен аймактык шайлоо комиссиясына сунушталсын.

3. Ушул токтом каттоодон өткөрүлүп, suu-bashy.gov.kg веб-сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Баткен облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **К.Шакиров**

Тиркеме

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII – чакырылышынын кезектеги XII сессиясынын № 105 токтомуна тиркеме

**Участкалык шайлоо комиссияларынын курамына көрсөтүлгөн талапкерлердин резервдик курамы**

| № | Ф.А.А. | Туулган жылы, айы, күнү | Билими | Улуту | Жынысы | Иштеген жери, ээлеген кызматы | Шайлоо комиссиясында иштеген тажрыйбасы (жыл, ай) | Ким тарабынан көрсөтүлгөн | Жашаган дареги, тел.№ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баткен облусу, Баткен району** | | | | | | | | | |
| **Суу-Башы айылдык кеңеши** | | | | | | | | | |
| **№8179 Катта-Тал участкалык шайлоо комиссиясы** | | | | | | | | | |
| 1 | Айтматов Ганы Эшматович | 09.05.1954 | Жогорку | кыргыз | эркек | мугалим | 20-жыл | Жергиликтүү өз алдынча өкүлчүлүктүү органдары тарабынан | Баткен району, Бужум айылы, 0771111923 |
| 2 | Абдакимова Жаңылмырза Абдакимовна | 29.03.1993 | жогорку | кыргыз | аял | мугалим | 1-жыл | Жергиликтүү өз алдынча өкүлчүлүктүү органдары тарабынан | Баткен району, Бужум айылы, 0776773366 |
| 3 | Жунусова Ырысбүбү Жалаловна | 12.02.1981 | жогорку | кыргыз | аял | мугалим | - | Жергиликтүү өз алдынча өкүлчүлүктүү органдары тарабынан | Баткен району, Бужум айылы,0776050559 |
| 4 | Султанова Гүлнара Галбаевна | 17.06.1980 | жогорку | кыргыз | аял | мугалим | - | Жергиликтүү өз алдынча өкүлчүлүктүү органдары тарабынан | Баткен району, Бужум айылы, 0773135015 |
| 5 | Ибраимова Айнура Бадаловна | 29.08.1976 | жогорку | кыргыз | аял | мугалим | 1-жыл | Жергиликтүү өз алдынча өкүлчүлүктүү органдары тарабынан | Баткен району, Бужум айылы, 0777608376 |

**Жооптуу катчы:** **Р.Нурматова**